ISSN 1694-7681

ЖУРНАЛ «ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ»
ОСНОВАН 2001 ГОДУ, ПЕРЕИМЕНОВАН
В «ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА»
В 2015 ГОДУ, ВЫХОДИТ ЕЖЕМЕСЯЧНО

Зарегистрирован
в Министерстве юстиции
Кыргызской Республики
Регистрационный №673
от 19 декабря 2001 года

Республиканский научно-теоретический журнал

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА

№ 8, 2018

БИШКЕК – 2018

ЭКОЛОГИЯ ИЛИМДЕРИ
ЭКОЛОГИЧЕСКИЕ НАУКИ
ENVIRONMENTAL SCIENCES

Асыкулов Т., Касымов М.К.

БОРБОРДУК ТЯНЬ-ШАНДЫН ЖАРАТЫЛЫШЫН КОРГООДОГУ НЕГИЗГИ ИШ-ЧАРАЛАР
(Хан-Теңири мамлекеттик жаратылыш паркынын мисалында)

Асыкулов Т., Касымов М.К.

ОСНОВНЫЕ МЕРОПРИЯТИЯ ПО ОХРАНЕ ПРИРОДЫ ЦЕНТРАЛЬНОГО ТЯНЬ-ШАНЯ
(на примере государственного природного парка Хан-Тенири)

T. Asykulov, M. Kasymov

THE MAIN ACTIVITIES FOR THE PROTECTION OF THE NATURE OF CENTRAL TIAN SHAN
(on the example of the state nature park Khan-Teniri)

УДК: 502.3/.7

Бул макалада Хан-Теңири мамлекеттик жаратылыш паркын түзүүнүн негизги этаптары көрсөтүлгөн. Жаратылыш паркты уюштуруунун башында Глобалдык экологиялык фонддун (ГЭФ) каржылоосу аркылуу иштеген проект турган, бул проекттин максаты Борбордук Тянь-Шандын биологиялык ар түрдүүлүгүн сактоо болгон. Бул долбоордун негизги жетишкендиги жаңы "Хан-Теңири" мамлекеттик улуттук жаратылыш паркын түзүү болду. Жаратылыш парктын аянтынын географиялык абалына, жаратылыш шарттарына, ошонун ичинде климаттын өзгөчөлүктөрүнө, ички сууларына, топурактарына, өсүмдүктөрүнө жана жаныбарлар дүйнөсүнө мүнөздөмө бергенге көп көңүл бурулган. Ошондой эле ошол аймактын бийиктик алкактуулугуна олуттуу көңүл бурулган. Бул макалада Борбордук Тянь-Шань физикалык-географиялык провинциясында жаңы түзүлгөн Хан-Теңири мамлекеттик жаратылыш паркынын азыркы учурдагы жаратылышты коргоодогу иштөө жолдору кандай чечилип жаткандыгы жөнүндө болмокчу. Ошондой эле аталган макаладан бул жаратылыш парк жөнүндө кенен маалымат алууга дагы болот.

Негизги сөздөр: *жаратылыш парк, географиялык абалы, функционалдык зона, өрөөн, жаратылышты коргоо, мыйзам бузуу, жаратылыш шарттары, бийиктик алкактуулук.*

В статье рассматриваются основные этапы создания государственного природного парка Хан-Тенири. Начало организации природного парка было положено проектом, который финансировался Глобальным экологическим фондом (ГЭФ) в 2013 году и имела цель сохранение биоразнообразия Центрального Тянь-Шаня. Основным достижением данного проекта стало создание нового государственного национального природного парка "Хан-Тенири". Особое внимание уделено характеристике географического положения участков природного парка, природным условиям территории включая особенности климата, внутренних вод, почв, растительного и животного мира. Также значительное внимание уделено характеристике высотной поясности данной территории. Рассматривается современные пути проведения мероприятий по охране природы государственного природного парка Хан-Тенири, который организован на физико-географической провинции Центральный Тянь-Шань. А также статья дает обширные данные по этому парку.

Ключевые слова: *природный парк, географическое положение, функциональная зона, долина, охрана природы, нарушение законов, природные условия, высотная поясность.*

The article discusses the main stages of the creation of the State Natural Park Khan Teniri. The organization of the nature park was initiated by a project that was funded by the Global Environment Facility (GEF) in 2013 and aimed at preserving the biodiversity of the Central Tian Shan. Particular attention is paid to the characteristics of the geographical location of the natural Park, the natural conditions of the territory including climate, inland waters, soils, flora and fauna. Also, considerable

attention is paid to the characteristics of the altitudinal zonality of this territory. Discusses the current ways of conducting activities for the protection of the Khan-Teniri State Natural Park, which is organized on a physical geographical region of Central Tian-Shan. And also the article gives extensive data on this Park.

Key words: *nature park, location, functional zone, valley, nature protection, violation of laws, natural conditions, altitude zonation.*

Хан-Теңири мамлекеттик табигый паркы Ысык-Көл облусунун Ак-Суу районунун аймагында жайгашкан. Физикалык-географиялык райондоштурууга ылайык анын жайгашкан орду Борбордук Тянь-Шандын Сары-Жаз (көпчүлүк бөлүгү) жана бир аз бөлүгү Көөлүү-Акшыйрак округдарына туура келет.

Сары-Жаз өрөөнү Ысык-Көл облусунун Ак-Суу районунун аймагында жайгашып, түндүгүнөн Тескей Ала Тоо, түштүгүнөн Сары-Жаз кырка тоосу менен чектешет. Өрөөндүн чыгыш бөлүгүн Адыр Төр кырка тоосу экиге бөлөт. Батышы Сары-Жаз капчыгайына келип такалат. Өрөөндүн узундугу 90 чакырым, туурасы таманында 5 чакырымга жетет да, таманынын абсолюттук бийиктиги деңиз деңгээлинен 2700-3600 м бийиктикте.

Климаты катаал, кескин континенттик болуп саналат да, январдын орточо температурасы -20дан -22°Сга чейин болсо, июлдуку 4-5 °Сга жетет. Жылдык жаан-чачындын саны 500 ммден 1000 ммге чейин болот. Өсүмдүгү жана топурак катмары бийиктик алкактуулук аркылуу жайгашкан. Таманынан 3500-3600 мге чейин альпы (доңуз сырты, өлөң чөп, күнгөй беттеринде бетеге, төө куйрук, караган ж.б.) 3700-3900 м бийиктикте тоо тундра, андан бийикте гляциалдык-нивалдык алкактар жатат.

Бул жерде суусунун молдугу боюнча Кыргызстанда экинчи орунда турган Сары-Жаз суусу Семенов мөңгүсүнөн башталып, Сары-Жаз өрөөнү аркылуу батыш тарапка агат. Оттук суусу куйгандан кийин түштүккө бурулуп, Борбордук Тянь-Шанды кесип өтүп, Тарим түздүгүнө чыгат. Кыргызстандын аймагында узундугу 197 чакырымды түзөт. Ири куймалары Эңилчек, Кайынды, Көйкап, Жаман-Суу, Жаңы-Жер, Көөлүү, Теректи, Үч-Көл жана Ак-Шыйрак болуп эсептелинет.

Аймактын көпчүлүк бийик жерлеринде бийик тоолуу чымдуу жана жарым чым көндүү топурактар, андан ылдыйлаганда субальпынын шалбаалуу талаа тоо топурагы, тоо-өрөөндүн коңур топурагы жана тоо-өрөөндүн коңур сымал топурактары тараган [2].

Парктын батыш тарабында **Көөлү өрөөнү** жайгашкан. Анын аянты 844 км² болуп, узундугу 51 чакырым, туурасы 2-4 чакырымды түзөт. Бийиктиги деңиз деңгээлинен 2800-4000 м. Оң өндүрүнүн орто жана төмөнкү бөлүгү тик жана нымдуу, ал эми сол капталы болсо жантайыңкы тартып, кургак келет. Өрөөндүн жогорку бөлүгү кененирээк.

Климаты кескин континенттик келип, жылдык орточо температура -1,8°С болсо, январдын орточо температурасы 18,9°С, ал эми июлдуку болсо 10,2°С түзөт. Өрөөндө жылдык жаан-чачындын саны 308 мм ге жетет. Кышында кар жокко эсе. Шамал батыш тараптан согот.

Алабынын 25%ын мөңгү каптап жатат. Катаал климаттык шарт болгондуктан көп жылдык тоң каптап жатат. Өрөөндүн негизги суусу болуп Көөлү суусу саналат. Ал Сары-Жаз суусунун оң куймасы катары эсептелинет, Эңилчек суусу куйганга чейинки аралыкта кошулат.

Өрөөндүн ортоңку жана төмөнкү бөлүгүнүн тескей беттериндеги (деңиз деңгээлинен 2800-3000 м) каралжын чым көндүү токой топурагында шренк карагайы, тал, караган, доңуз сырты, кара кыяк болсо, сол өндүрүндөгү тоо-талаа каралжын топурагында шыбак, дан сымал чөптөр, көдөө (ковыль-волосатик), төө сойгок өсөт. Субальп алкагындагы (3000-3400 м) тоо-шалбаалуу талаа жана талаа коңур топурагында доңуз сырты, каракыяк, коңурбаш, кымыздык, таран, кылкан чөп көбүрөөк; альп алкагындагы (3400 - 3700 м) тоо-шалбаалуу каралжын чым-көндүү топурагында доңуз сырты, кийик от, кылканактуу чөптөр жана башка өсүмдүктөр өсөт. Гляциалдык-нивалдык ландшафттарда ташка жабышкан эңилчек кездешет. Өрөөндө Ысык-Көл облусунун Аксуу районунун малы кыштайт. Тоют сактоо базалары, метеостанция бар болгон, азыр болсо алар жарым жартылай гана иштешет. Өрөөндүн орто бөлүгүнө чейин машина жүрүүчү кара жол салынган.

Хан-Теңири мамлекеттик табигый паркынын жанында жайгашкан дагы бир өрөөн - бул Эңилчек болуп саналат. **Эңилчек өрөөнү** - Борбордук Тянь-Шанда жайгашып, Хан-Теңири тоо тоомунун батыш тармактары Сары-Жаз жана Эңилчек кырка тоолорунун аралыгында чыгыштан батышты карай созулган терең капчыгайды ээлейт.

Административдик жактан алганда Аксуу районунун аймагында. Узундугу 106 чакырымга чейин (анын 60 чакырымга жакынын мөңгү ээлейт), эң жазы жери 3 чакырым.



Сүрөт 1. Эңилчек өрөөнү.

Аянты (суу бөлгүчтөр менен кеткен чек боюнча) 1739 чакырым квадрат (анын ичинде 949 чакырым квадрат жерин мөңгү ээлейт). Таманынын эң бийик жери 2500-3000 м. Төр жагы экиге айрылып, Түндүк жана Түштүк Эңилчек мөңгүлүү өрөөндөрүн түзөт да, Меридиан кырка тоосуна чейин созулат. Байыркы геологиялык антиклиналдын кыры боюнча кеткен тектоникалык жарака желип отуруп, 2000 м ге чейин тереңдеп, өрөөн пайда болгон. Негизинен силур, девондун сланец, акиташ жана башка тоо тектеринен туруп, пермдин граниттери жиреп чыккан. Байыркы муз каптоо мезгилинде өрөөн толугу менен муздун алдында калып, анын эрозиялык аракетинен азыркы тепши сымал абалына келген. Капталдарында байыркы мореналардын калдыктары кездешет. Климаты катаал, кышы суук, кургак, кар аз түшөт. Жайы салкын, жаан-чачын аз жаайт. Январдын орточо температурасы –18...–20°С, июлдуку 10-11°С. Жылдык жаан-чачыны 250-300 мм.

Чыгышы мөңгүлөр менен капталган; эң ириси – *Түштүк Эңилчек мөңгүсү* (аянты 613 км², узундугу 59 чакырым). Бул мөңгүдөн өрөөндөн негизги суусу – Эңилчек (орточо чыгымы 30 м³ /сек) башталат. Суунун узундугу 62 чакырым, алабынын аянты 1739 км². Башынан аягына чейин эни 3 чакырымдай келген терең жана кенен капчыгай менен агат. Алабынын 54% (949 км²) мөңгү-муздар менен капталган. Түндүк жана түштүк Эңилчек мөңгүлөрүнүн этегинде *Мерцбахер көлү* орун алган. Анда жылына 300-350 м³ мөңгү суусу топтолот. Жайдын толугунда көлгө суу батпай, муздун жаракалары аркылуу агып чыгат. Ал мезгилде Эңилчектин деңгээли 3 мге чейин көтөрүлүп, чыгымы 600-700 м³/секга жетет. Көлдүн узундугу 2-3 чакырым, туурасы 1,1 чакырым, аянты 4-4,5 км², орточо тереңдиги - 50 м, ал эми эң терең жери 80 м. Немец окумуштуусу Готтфрид Мерцбахер 1903-жылы көлдү ачканга чейин жергиликтүү эл аны "Дүңгүрөмө көл" деп аташчу.

Эңилчек өрөөнүнүн күнгөй капталдарына (2700-2800 жана 3000–3200 м бийиктикте) жарым чөл жана кургакчыл талаа, тескей жагына (2800-3100 м) шалбаалуу токой, өрөөндүн эки капталына субальп жана шалбаалуу талаа жана шалбаа, альпы ландшафт алкактары мүнөздүү. Эң көп аянтты нивалдык-гляциалдык алкак ээлейт. Кышкы жайыт болуп саналат. Эңилчек суусунун Сары-Жаз суусуна куйган жерде *Эңилчек кыштагы* орун алган. Аксуу районунун борбору болгон Теплоключенка айылынан 165 чакырым түштүк-чыгыш тарапта жайгашкан. 1986-жылы калктын саны бул айылда 1358 кишиге жеткен (*Кыргыз жергеси, 1990*). Калай комбинаты иштеп турчу, азыркы мезгилде ал толугу менен иштебейт. Ошондуктан калкынын саны дагы кескин өзгөргөн, 2009-жылы бул айылда 345 тургун жашаган [3].


Парктын аймагында 10 экосистема бар [4]:

- тоолуу тайга (карагай токойлору);
- ак токойлор (суу бойлогон жайылма токойлор);
- адырлар жана шалбалуу адырлар;
- мезофилдик тоолуу чөп чабындылар (субальп шалбаалары);
- криомезофилдик чөп төшөлмөлөрү (бийик

тоолуу такырлар, доңуз сырттуу);

- криоксерфилдик подушечниктер, петрофиттер;
- жарым бадал чөлдөр;
- сууга чөгөрүлгөн өсүмдүктөр, стланик (жапалак) арчалар.

Түзүлгөн Хан-Теңири мамлекеттик табигый паркынын аймагы Кыргызстан менен Казакстандын аркар-кулжаларынын кыштоочу жана жупташуу убагында алардын санынын кыйла жогорулоосу байкалган жер. Мындан тышкары эчки-текелер да көп кездешет. Кыргызстандын башка аймактарына караганда, орок тумшук көп тараган. Сүт эмүүчүлөрдүн 29 түрү бар. Ал эми Кызыл китепке кирген түрлөр болуп күрөң аюу, суусар, мадыл, илбирс, кумай, бүркүт, көк жору, чоң сары үкү, таз кара, ителги жана каракуш саналышат.



Сүрөт 2. Хан Тенири мамлекеттик табигый паркынын тилкелери.

Бул мамлекеттик табигый парк түзүлөөр алдында глобалдык экологиялык фонддун (ГЭФ) каржылоосу аркылуу Борбордук Тяньшандын биологиялык ар түрдүүлүгүн сактоо боюнча долбоор расмий түрдө 17-июнь 2013-жылы 3 жылдык мөөнөткө башталган. Кош каржылоону кошкондо бул долбоорду аткарууга 5,92 миллион америка доллары пландаштырылган. Долбоордун географиялык фокусу 1,32 миллион гектарга жакын аянтты ээлеген Борбордук Тянь-Шандын ландшафты болуп саналат. Анын негизги пландаштырган натыйжасы катары ал жерге жаңы өзгөчө корголуучу жаратылыш аймагын, тактап айтканда мамлекеттик табигый паркын түзүү керек болгон. Ошондуктан, 275 800 гектар аянтта Хан-Теңири аттуу жаңы мамлекеттик табигый паркын түзүү – бул долбоордун эң башкы жетишкен жыйынтыгы болмок. Бул үчүн жер пайдалануучулар менен дагы кошумча сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп, өзгөчө корголуучу аймактын буфердик зоналары, коридорлору жана "тынч зоналары" орун алышына жол ачылган. Борбордук Тянь-Шань дүйнөнүн глобалдык 200 экологиялык региондордун тизмесине кирген. Долбоор жер пайдалануунун башкаруусу үчүн үч тибин колдонду: 1. Экологиялык коридорлорду түзүү (9,074,3 га); 2. Аңчылык аймактарда "тынч зоналардын" болушу (75,970 га); 3. Өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактардын

сырткы буфердик зоналары (271,586,6 га) [5].

Ошентип, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 12-февралындагы №62 - "Хан-Теңири" мамлекеттик табигый паркын уюштуруу жөнүндө токтомунун негизинде 275 800, 3 га аянтта "Хан-Теңири" мамлекеттик табигый паркы уюштурулду.

Бул парктын эң негизги максаты жаратылыштын уникалдуу комплекстерин жана биологиялык ар түрдүүлүктөрдү сактоо, сейрек жана жоголуп кетүү коркунучунда турган жаныбарлар жана өсүмдүктөр дүйнөсүн коргоо жана Кыргыз Республикасынын өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактарын кеңейтүү болуп саналат. Жаратылыш парктын түзүлүшүнө Өкмөттүн токтомунун чыгышы төмөнкү жергиликтүү органдардын иш-чараларынын документтерин эске алган:

- Ак-Суу районунун XVI чакырылыштагы Эңилчек айылдык кеңешинин 2014-жылдын 26-августундагы X кезексиз сессиясынын;
- Ак-Суу районунун Эңилчек айылдык аймагынын Эңилчек айыл өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-августундагы №15;
- Ак-Суу районунун XXVI чакырылыштагы Октябрь айылдык кеңешинин 2015-жылдын 20-июндагы №12 XX сессиясынын;
- Ак-Суу районунун Октябрь айылдык аймагынын Октябрь айыл өкмөтүнүн 2015-жылдын 9-октябрындагы №75;
- Ак-Суу районунун XXVI чакырылыштагы, Челпек айылдык кеңешинин 2015-жылдын 1-июлундагы №20 XXII кезексиз сессиясынын;
- Ак-Суу районунун Челпек айылдык аймагынын Челпек айыл өкмөтүнүн 2015-жылдын 8-августундагы №26;
- Ак-Суу районунун XXVI чакырылыштагы Бөрү-Баш айылдык кеңешинин 2015-жылдын 26-июндагы №16 XXII кезексиз сессиясынын;
- Ак-Суу районунун Бөрү-Баш айылдык аймагынын Бөрү-Баш айыл өкмөтүнүн 2015-жылдын 17-августундагы № 20;
- Ак-Суу районунун XXVI чакырылыштагы Теплоключенка айылдык кеңешинин 2014-жылдын 3-ноябрындагы № 38 XXV сессиясынын;
- Ак-Суу районунун Теплоключенка айылдык аймагынын Теплоключенка айыл өкмөтүнүн 2015-жылдын 28-сентябрындагы №32;
- Ак-Суу районунун XXVI чакырылыштагы Ак-Булуң айылдык кеңешинин 2015-жылдын 19-июндагы № 28 XXVIII сессиясынын;
- Ак-Суу районунун Ак-Булуң айылдык аймагынын Ак-Булуң айыл өкмөтүнүн 2015-жылдын 29-октябрындагы №50;
- Ак-Суу районунун XXVI чакырылыштагы Кереге-Таш айылдык кеңешинин 2014-жылдын 28-октябрындагы №1 XVII кезексиз сессиясынын;
- Ак-Суу районунун XXVI чакырылышынын 2015-жылдын 30-сентябрындагы №1 Кереге-Таш айылдык кеңешинин XXIV кезексиз сессиясынын;
- Ак-Суу районунун Кереге-Таш айылдык аймагынын Кереге-Таш айыл өкмөтүнүн 2015-жылдын 11-ноябрындагы №31 чечимдерин;
- Ак-Суу районунун мамлекеттик администрациясынын 2015-жылдын 24-ноябрындагы №131 жана №132 токтомдорун;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Ысык-Көл облусу боюнча ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 2015-жылдын 26-ноябрындагы №471 буйругун;
- Жер которуу маселелери боюнча райондук комиссиянын 2015-жылдын 16-декабрындагы оң корутундусу.

Бул токтомго ылайык, Ак-Суу районунун аймагында жайгашкан 30374,1 га га жер "Токой фондунун жерлери" категориясынан жана Ак-Суу райондук мамлекеттик администрациясынын 245426,2 га жер аянты "Запастагы жерлер" категориясынан "Өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактары жерлери" категориясына которулган. Жаратылыш паркты каржылоо маселеси Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн алдындагы курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы мамлекеттик агенттигине жүктөлгөн.

Таблица 1

Хан-Теңири мамлекеттик табигый паркынын функционалдык зоналары

№	Функционалдык зоналар	Аянты, га	%
1.	Корук зонасы	201 729, 9	73,1
2.	Экологиялык туруктуу зона	12 743, 5	4,6
3.	Туристтик жана рекрециялык иш-чара зонасы	11 117, 6	4,1
4.	Чектелген чарба жүргүзүү зонасы	50 209, 3	18,2
5.	Бардыгы	275 800, 3	100

Таблицада көрүнгөндөй, табигый парктын көпчүлүк бөлүгүн, тактап айтканда 73,1%ын корук зонасы түзөт. Бул парктын аймагында жайыт жерлер жайгашкандыктан, экинчи орунда чектелген чарба жүргүзүү зонасы болуп, ал 18,2% аянтты ээлеп жатат. Туризм жана альпинизм үчүн дагы Борбордук Тянь-Шандын аймагы өтө ыңгайлуу болгондуктан, парктын аймагында бир аз туристтик жана рекреациялык зона (4,1%) бөлүнгөн. Эңилчек айылында мурдагы калай комбинатынын жайгашкан орду бар. Ошондой эле ал айылда бир нече түтүн чарбалык иштерди кылышат. Ушул айылдын түндүк тарабы атайын экологиялык туруктуу зона (4,6%) катары бөлүнгөн.

Таблица 2

Хан-Теңири мамлекеттик табигый паркынын тилкелери

№	Тилкелер	Аянты, га	%
1.	Адыр Төр	39 352, 6	14, 3
2.	Сары-Жаз	44 260, 3	16, 0
3.	Эңилчек	101 847, 0	36, 9
4.	Кайыңды	90 340, 4	32,8
5.	Бардыгы	275 800, 3	100

Бөлүнгөн тилкелер боюнча алганда, жалпы аянттын көпчүлүк бөлүгү Эңилчекке (36,9%) тийиштүү болсо, андан кийин аянттын 32,8% ын Кайыңды тилкеси ээлейт да, калганын Сары-Жаз (16,0%) жана Адыр-Төр тилкелери түзөт.

Парктын аймагында токойлор – 3720,3 га, токойлору жок жерлер 469 га, жайыттар – 19030,1 га, мөңгүлөр менен капталган жерлер – 101638,3 га, чөп чабынды жерлер 35,1 га, башка жерлер (таштар, жарлар, шагыл, кум, таштак катмарлар) – 150143,6 га, дарыялар – 709,1 га жана жолдор – 54,8 га аянтты ээлейт. 2016-жылдын ноябрь айына карата парктын аймагында 500 эчки, 200 каман, 50 илбирс жана 14 жапайы топоз катталган [6].

Кыргыз Республикасынын "Өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактары жөнүндө" мыйзамында, "Хан-Теңири" мамлекеттик табигый паркы" мамлекеттик ишкана тууралуу Жободо көрсөтүлгөн милдеттерге ылайык "Хан-Теңири" МЖПнын 2017-2021-жылдарга орто зарыл өнүгүү пландарын аныктоо үчүн Башкаруу Планы иштелип чыкты.

Эңилчек (Ак-Суу району) жана Ак-Шыйрак (Жети-Өгүз району) айылдык аймактарынын жашоочуларынан турган 2 штаттан сырткаркы инспектордук топ уюштурулду. Жыйынтыгында тандалган өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактарында жаратылыш мыйзамдарын бузуу фактылары катталган эмес. Өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактарынын жерлеринен сырткары Ак-Суу жана Жети-Өгүз райондорунун сырттарында 2013-2016-жылдары катталган жаратылыш мыйзамдарын бузуу фактыларынын саны 59 даанадан 34 даанага чейин азайды. Эң көп катталган мыйзам бузуулар 2015-жылы 59 факт катталган. 2016-жылы 2015-жылга салыштырмалуу 42, 4 пайызга аз катталган [7].

Адабияттар:

1. Кыргыз жергеси. - Фрунзе, 1990.
2. Атлас Киргизской ССР, Т. 1. - Москва, 1987.
3. https://ky.wikipedia.org/wiki/Эңилчек,_Ак-Суу_району, кайрылган күнү: 02.10.2017.
4. Жаратылыш-биздин байлык: "Хан-Теңири" МЖПнын биоартүрдүүлүгү, 2017.
5. Улучшение охвата и эффективность управления ООПТ в горах Центрального Тянь-Шаня. Отчет по финальной оценке. - 017.
6. Биялиева Ч.С., Борцова С.В., Джумакадырова Э.Э. и др. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жаратылыш парктарынын жерлерин жана жаратылыш ресурстарын пайдалануу конкурстарды өткөрүүдө коомчулуктун катышуусу жана коомдук экологиялык кызыкчылыктарды коргоо боюнча практикум. - Бишкек: Нео Принт, 2017. - 184 с.
7. http://www.barakeldemag.kg/kg/articles/buu-p-gef-dolbooru/